ҚЫРҒЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ
ТҮРКОЛОГИЯ СЕКТОРУ

К. АШИРАЛИЕВ

# ОРХОН-ЕНИСЕЙ ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИНДЕГИ УҢГУ СӨЗДӨР

ҚЫРҒЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН БАСМАСЫ
Фрунзе 1963

*Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын*
*Редакциялык-Басма сөз Советинин*
*чечими боюнча басылды.*

Жооптуу редактор: *Ү. Асаналиев.*

## КЫСКАРТУУЛАР

А, Аа, Аб — Асхете эстеликтери
азерб.— азербайжанча
алт.—тоолук алтайлыктарча
бай. уйг.— байыркы уйгурча
балк.— балкарча
башк.— башкырча
бур. монг.— бурят монголчо
ен.,-орх.— Енисей-Орхон жазмаларында
Е.— С. Е. Малов. Енисейская письменность тюрков. М.—Л., 1952.
zир.—кара: МЧ
каз.— казакча
карак.— каракалпакча
карач.— карачайча
К В.— Кутадгу билиг
КТб.— Күл-Тегин эстелигинин чоң тексти
КТм.— Күл-Тегин эстелигинин кичине тексти
К Ч.— Кули-чуру эстелиги
кырг.— кыргызча
Мог.— Могилян эстелиги
монг.— монголчо
МЧ.— Түрк ханы Моюн-чуру эстелиги
О, Оа, Об — Онгин эстелиги
өзб.—өзбекче
РСл.— В. В. Радлов. Опыт словаря тюркских наречий
сал.— салыштыр
Свл.— Д. Хволсон
таж.— тажикче
татар.— татарча
ТН.— Тоньюкук эстелиги
ТС.— В. Томсен
тур.— турцияча
түркм.— түркмөнчө
фолькл.— фольклордо
хакас.— хакасча
ХТ — Хойто-Тамир эстелиги
чув.— чувашча
1 Эл, 2 Эл. — Элегест эстеликтери
як.— якутча

## СӨЗ БАШЫ

Бул эмгекте Орхон-Енисей жазма эстеликтериндеги[1] түп унгулардын жана кайсы бир жасалма сөздөрдүн алган орду жөнүндө каралат. Уңгу сөздөр лексикалык бөлүктөрдүн тобун жана сөздөрдүн ядросун түзөт. «Эне тилдин материясын жана формасын түшүнүү, анын чыгышы жана акырындык менен өнүгүшүн байкоо иши сенек формаларын эске алуу жана аларды тектеш тилдер менен салыштыруу аркылуу гана мүмкүн боло алат»,— дейт Ф. Энгельс[2].

Мындай жыйынтыктоо биздин ишибизге түздөн-түз тиешелүү. Ошондуктан уңгу сөздөр сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүлүп, түрк тилдери боюнча 5 тилге салыштырылып берилди. Изилденип жаткан тилдин лексикалык өзгөчөлүктөрү Орто-Азияда жашаган түрк тилдеринин ичинен кыргыз тилинин фактыларына жакыныраак экендиги байкалат. Эмгектин акырында эстеликтердин тилиндеги уңгу сөздөр азыркы түрк тилдерине салыштырылган сөздүк берилди. Мында жалаң гана уңгу сөздөрдөн турбастан, алардын кай биреөлөрү тарыхый жагынан жасалма сөздөр да болушу мүмкүн. Бул өзүнүн алдына кыргыз тилинин тарыхын изилдөөчүлөргө тигил же бул деңгээлде жардам көрсөтөт деп ойлойбуз.

Муну жазууда ишке көмөк көрсөткөн сектордун кызматкери Батый Осмоналиевага жана баалуу кеңештерин берген жолдошторго ыракмат айтамын.

**Автор.**

---

[1] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности. М.—Л., 1951.

С. Е. Малов. Енисейская письменность тюрков. М.—Л., 1952.

С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. М.—Л., 1959.

[2] К. Маркс и Ф. Энгельс, Соб. соч., т. XIV, 327-бет.

# КИРИШҮҮ

VI кылымдын орто ченинен баштап, Монголиянын жеринде жана Түштүк Сибирде (азыркы Тува жана Хакасия) чыгыш-түрк каганаты түзүлө баштайт. Алар түрк жана монгол тилдеринде сүйлөшкөн. Негизинен кыргыздар Минусин өрөөнүндө жашашкан. Кыргыздар карагас, тувалыктар жана Алтайдагы башка элдер менен дайыма тыгыз карым-катышта жашаган. Кыргыздар жана ага коңшулаш уруулар көчмөндүү эл болушкан. Алардын кесиби негизинен мал чарбачылык болгон. VIII кылымдын баш ченинде кыргыздар убактылуу чыгыш түрк хандыгынын составында эсептелип келген, бирок андан бат эле чыгып калган.

Орхон жана Енисей дарыясынын боюнан табылган эстеликтердин тамгаларын салыштырып караганда, алардын алфавит составы негизинен бир. Проф. С. Е. Малов бул алфавитти байыркы түрк алфавити деп атайт. Байыркы түрк тамгалары баш жана кичине тамга, жазма жана басма болуп бөлүнгөн эмес. Ошондуктан энчилүү жана жалпы аттардын баары бирдей жазылган. Тыныш белгиси катарында сөз арасында кош чекит (:) колдонулган. Сан атоочту билдирүүчү цифралар болгон эмес, алар тамга менен жазылган.

VI кылымда Енисей дарыясынын жогорку жана орто куймаларынын боюнда жашаган түрк урууларынын жазуу системасы бар экендигин, өзүнчө алфавитке ээ боло алгандыгы жөнүндө проф. С. Е. Малов да аныктайт.

Бул жазуу системасы Енисей дарыясынын боюндагы жана Орто Азияда жашаган элдерге тарай баштайт. Жазуулар көбүнчө жалпак таштарга, аскаларга, моло таштарга, идиштерге жана майда буюмдарга жазылган.

Орхон-Енисей системасындагы жазуулар X—XI кылымдарга чейин колдонулуп келип, андан кийин ал жарым-жартылай уйгур жана араб алфавитине өткөн. Ал эми Орхон-Енисей жазуусунун чыгышын саякатчы-окумуштуулар ар кайсы семьяларга жакындатышкан.

1889-жылы Н. М. Ядринцев тарабынан Орхон өрөөнүнөн Енисей жазуусунун тибинде жазуу табылат. 1891-жылы В. В. Радлов ал жазууну изилдей баштайт. 1893-жылы Даниянын окумуштуусу В. Томсен Орхон-Енисей жазууларын биринчи жолу расшифровка кылат. Мына ушундан баштап байыркы түрк тилдерин үйрөнүү башталат. Бул түрк тилдеринин тарыхын билүүгө чоң жардам бере алат.

Енисей жазуулары Енисей дарыясынын баш жагынан жана Тува Автономиялуу республикасында табылган. Бул жазуулардын табылган жерлеринде негизинен байыркы кыргыздар жашашкан.

1896-жылы мугалим Гастев жана В. А. Каллаур тарабынан Таластан (мурдагы Дмитриев) жазуусу бар алты таш табылган. Бул табылган эстеликтердеги жазуулардын бир канчасы П. М. Мелиоранский, Ю. Немет жана С. Е. Малов тарабынан окулган жана которулуп сунуш кылынган. Таластан табылган эстеликтердеги жазуулар Енисей дарыясынын боюнда табылган эстеликтердин жазуусуна окшош экендигин байкоого болот. Бул жөнүндө В. В. Бартольд жана П. М. Мелиоранский тарабынан айтылып, аны С. В. Киселев аныктаган. Мына ушундай фактылардын негизинде кыргыздардын Енисейден негизги массасы IX—XI кылымдардан кийин келсе керек деген да жыйынтыктарга келүүгө болот.

1889-жылы фин окумуштуулары Енисей жазууларынын атласын басып чыгарышкан. Алар бул эстеликтердин алфавити ачыларга чейин эле Енисей эстеликтеринин маданияты фин элине тиешелүү деп калпыс карап келишкен.

Мындай көз караштар кийинки ачылыштардын негизинде жоктукка чыкты. Мына ошол эле 1889-жылдары орус изилдөөчүсү Н. М. Ядринцев тарабынан уюштурулган археологиялык экспедицияда Орхон дарыясынын боюнан XIX кылымда бүт дүйнөгө маалим болгон Күл-Тегин жана Могиланкан деген адамдарга арналып коюлган жазуу таштары табылат. Андан кийин ошол эле жерге С.-Петербург Илимдер Академиясы тарабынан академик В. В. Радловдун жетекчилиги менен экинчи экспедиция уюштурулат. Ушул экспедицияларда чогултулган материалдар эки чоң атласка бириктирилип, белгисиз жазуулардын сүрөттөрү жана географиялык карталары кошо басылган. Бул материалдардын жарыкка чыгышы тарыхчыларды жана тилчилерди өзүнө бурат. Академик В. В. Радлов проф. В. Томсендин рун алфавити жөнүндөгү билдирген кабарын уккандан кийин, Күл-Тегиндин текстин бүт окуп, аны орус тилине которгон.

В. В. Радлов Енисей суусунун боюнан табылган эстеликтердин көпчүлүк бөлүгүн жана Монголиядагы жазууларды которуп, ага анализ берген.

В. Томсен 1896-жылы Орхон суусунун жээгинен табылган эстеликтерди толугу менен которот да, очеркин түзөт.

Ошентип XIX кылымдын аягында В. В. Радлов Тоньюкук эстелигин толугу менен жарыялап, байыркы түрк тилинин грамматикасын түзгөн.

* * *

Бул сунуш кылынып жаткан чакан китепте С. Е. Маловдун көрсөтүлгөн эмгектериндеги материалдар толук камтылды. С. Е. Малов тарабынан берилген транскрипциялык белгилер орус графикасынын негизинде түзүлгөн кыргыз алфавити менен алмаштырылып берилди. Эмгек азыркы түрк тилдеринин тарыхына байланыштуу теориялык ири маселелер жөнүндө сөз козгобойт. Эстеликтердин тилиндеги уңгу сөздөрдүн бардыгы эле азыркы түрк тилдеринин лексикасында толук бойдон сакталган эмес. Маселен: Орхон-Енисей эстеликтеринде **бедүк,** өзбекче **баланд** (бәлэнд), бирок кыргызча **бийик,** тувача **бедик,** казакча **биик,** түркмөнчө **бейик.**

Бирок биз бул ишибизде эстеликтердин тилиндеги уңгу сөздөрдүн азыркы кездеги толук сакталгандарын да жана жогоркудан башка уңгу сөздөр менен алмашылганын да көрсөтүп кеттик.

Эмгекте байыркы жазма эстеликтердин лексика, фонетика жана грамматика маселелеринин кээ бир түрк тилдерине салыштырылган кыскача жыйынтыктары берилет. Бул автордун биринчи тырмак алды тунгуч эмгеги жана тажрыйбасы. Ошондуктан буга көп кемчиликтердин мүнөздүү болушу ыктымал.

## ФОНЕТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

Орхон-Енисей алфавити 35 тамгадан турат. Үндүүлөр үчүн төрт гана тамга алынган, бирок алар сегиз үндүү фонеманы (а, о, э, ө, у, ү, ы, и), ал эми 23 үнсүз тамга азыркы убактагы 16 үнсүз фонеманы (б, г, д, й, к, л, м, н, ң, п, р, с, т, ч, ш) билдирген.

Байыркы Орхон-Енисей алфавитинде,үндүүлөрдүн бир сөз ичинде тилге жана эринге карата ээрчиши закондуу кубулуш болгондуктан, сөз арасындагы үндүүлөр бирде жазылып, бирде жазылбай коюлган, көбүнчө үндүүлөр жазылган эмес. Бирок үнсүз тыбышты жазбай коюуга мүмкүн эмес эле, анткени сөздүн мааниси бузулуп, сөз болуудан калат болучу. Орхон-Енисей жазмаларында үкдүүлөргө караганда үнсүз тыбыштардын туруктуу экендигин айтууга болот. Сөздүн аягында бардык үнсүз тыбыштар кезигет, ал эми азыркы кыргыз тилинде «ѓ», «б», «д» тыбыштары сөз аягында кезикпейт.

Эски жазма эстеликтердин тилиндеги кээ бир сөздөрдүн маанилери ушул убакка чейин өзгөрбөстөн сакталып келе жаткандыгы байкалат. Бирок алар фонетикалык жагынан өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Муну төмөндөгүдөй фактылар аркылуу далилдей алабыз:

| Енисей-Орхон жазмаларында | Кыргыз тилинде |
| --- | --- |
| ачук | ачык |
| ачыг | ачуу |
| адгыр | айгыр |
| алтун | алтын |
| бөри | бөрү |
| бөңги | мөңгү |
| артук | артык |
| катун | катын |

| | |
|---|---|
| бунча | мынча |
| илгерү | илгери |
| бирү | бери |

Каралып жаткан тилде экинчи муундагы эки үндүүнүн ортосунда келген «п», «к» тыбыштары жумшак айтылса, ал эми сөздүн аягындагы жумшак үнсүз «д», «г» тыбыштары каткалаң болуп айтыларын байкоого болот:

ен. *тепе,* кырг. *дөбө*
ен. *кыркыз,* кырг. *кыргыз*
ен. *кег,* кырг. *кек*
ен. *эшид*, кырг. *эшит*

Жазма эстеликтердеги кыска үнсүздөрдүн ордуна азыркы кыргыз тилинде созулма үндүүлөр туура келет.

| Жазма эстеликтерде | Азыркы кыргыз тилинде |
|---|---|
| суб | суу |
| таг | тоо |
| огул | уул |
| сөңүк | сөөк |
| билиг | билүү |
| үчеги | үчөө |
| йүгүр | жүүр (ү) |
| ачыг | ачуу |

Байыркы эстеликтердеги сөздүн башындагы «й» тыбышы кыргыз тилиндеги «ж» тыбышына туура келет:

| Жазма эстеликтерде | Азыркы кыргыз тилинде |
|---|---|
| йол | жол |
| йыл | жыл |
| йер | жер |
| йарак | жарак |
| йаш | жаш |
| йүз | жүз |
| йети | жети |
| йел | жел |
| йаса | жаса |
| йогару | жогору |
| йүк | жүк |
| йай | жай |
| йарук | жарык |
| йат | жат (чужой) |
| йок | жок |
| йүр | жүр (ходить) |



Байыркы «г», «д» тыбышынын ордуна кыргыз тилиндеги «й» тыбышы туура келет:

| Байыркы эстеликтерде | Азыркы кыргыз тилинде |
|---|---|
| адак | айак |
| бод | бой |
| ыдык | ыйык |
| антаг | андай ж. б. |

Орхон-Енисей тексттеринде учураган сөздөрдүн азыркы кыргыз тилинде учурабагандыгы байкалат.

| Байыркы жазмаларда | Азыркы кыргыз тилинде |
|---|---|
| өг | эне |
| аты | небере |
| аркыш | кербен |
| үкүш | көп |
| табышкан | коён |
| төрү | заң, закон |
| мар | мугалим |
| битиг | жазуу (фолькл. битик) |

Жазма эстеликтерде сөздүн башында төмөндөгүдөй үнсүз фонемалардын келери байкалат:

б:бар, биң, миң
й:йаш, йети
к:кара, кел
м:мар, мен
н:нарсүгүр (служанка)
с:саб (сөз), сиз
т:тагы (дагы), тег (тий)
ч:чаб (слава), чериг (черик, черүү)
ш:шуңа (утка)

Сөздүн башында г, д, з, л, п, р тыбыштары кездешкен эмес. Үнгү сөздүн аягында үнсүз тыбыштардын бардыгы учурайт:

аб — аң, эд — жакшы, йүз — жүз, ай — ай, ак — ак, йел — жел, күм — угуу, кан — кан, тер — тер, барс — барс, ат — ат, ач — ач, эш — жолдош ж. б.

Мындан бөлөк кыргыз тилине жаткан түштүк диалектиде учураган «ә» фонемасы байыркы жазмаларга мүнөздүү эмес. О, Ө, У, Ү үндүү тыбыштары биринчи муунда өтө көбүрөөк колдонулат, экинчи муунга о, ө мүнөздүү эмес. Ал эми «у» тыбышы бир гана эринсиз үндүүлөрдүн биринчи муундарынан кийин экинчи муундарында колдонулат.

Мисалы:

ен. *алтун,* кырг. *алтын*
ен. *батур,* кырг. *баатыр*
ен. *катун,* кырг. *катын.*

Мындай фактылар карлук, уйгур тилдерине жана өзбек тилинин кээ бир говорлоруна тиешелүү[1].

Байыркы тексттерде «э» фонемасынын функциясын кыска үндүү «и» аткарган учурлары кездешет. Текстте учураган эки вариантын тең алып көрөлүк:

эл—ил=эл
элиг (50)—илиг=элүү
эки (2)—ики=эки
йетимиш (70)—йити=жети
йегирми (20)—игирме—жыгырма ж. б.

Бул фактыларды бекемдөө үчүн башка түрк тилдерине кайрылалы. Сал. кырг. *эл,* хакас. *иль,* ен. *эл* жана *ил;* кырг. *элүү,* хакас. *илiг;* татар. *илле,* ен. *элиг* жана *илиг;* кырг. *эки,* хакас. *iкi;* татар. *ике,* ен. *эки* жана *ики;* кырг. *жыйырма,* хакас. *чiбиргi;* татар. *йегерме;* ен. *йегирми, игирме* ж. б.

## Үндөштүк закондору

Енисей-Орхон жазма эстеликтеринин тилине үндөштүк закондору тиешелүү. Эстеликтердеги үндүү тыбыштардын гармониясына бирин-экин гана мисалдарды келтирүүгө болот. Текстте көбүнчө үндүүлөр түшүп калып жазылат.

Эринсиз *а, е,* мүчөлөрдө *о, ө*-гө өтпөйт. Мындай көрүнүштөрдү эске алганда түрк тилдерин эки топко бөлүштүрүүгө болот:

1. Кең үндүүлөр толугу менен эриндешкен тилдер. Аларга кыргыз, тоолук алтайлыктар, якут ж. б. тилдер жатат.
2. Кең үндүүлөр толугу менен эриндешпеген тилдер. Буга карачай жана балкар, кумык, тува, уйгур, өзбек, хакас, азербайжан жана турция ж. б. тилдер кирет.

[1] И. А. Батманов. Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. Фрунзе, 1959. 31-бет.



Мына ошентип, Енисей эстеликтеринин тили комбинатордук тиби боюнча ачык үндүүлөрдүн экинчи тобуна тиешелүү. Бул тилде кай бир мүчөлөрдө «а» нын «э» ге алмашуусу мүмкүн. Мындай фактыларга караганда бул экинчи топтун составына жаткан хакас, карачай, кумык ж. б. тилдерге жакын турат.

Эстеликтерде эрин кыска үндүүлөрдүн эки учуру байкалат. Биринчиден үндүүлөрдүн эриндешпегендери учураса, ал эми тескерисинче, «ы» «и»-нин эриндешкенин көрөбүз:

а) жабык муундарда: үчын=үчин (үчүн) Күлүг Тириг. Мындагы экинчи сөздүн экинчи компонентинде б. а. *Күлүг* деген сөздө үндүүлөрдүн эриндешкендиги байкалат. Жазма эстеликтерде «буңсыз» деген сөздүн экинчи бир формасы «буңсуз» учурайт. Бул формасын алганда эринчил үндүүгө жатат. Ошондой эле эринчил үндүү «үчүн» формасы учурайт.

б) ачык муундарда: оглы, бөри, Күни Тириг, Өлти, йүзи, кулы, буйрукы, көзүңүси ж. б.

Бул мисалдардагы экинчи жана үчүнчү муундарында үндүү тыбыштар эриндешкен, ал эми төртүнчү муундары эринсиз. Кыргыз тилинде сөздүн биринчи мууну жоон үндүүлөр менен башталса, жоон, ичке үндүүлөрдөн болсо сөздүн аягына чейин ичке үндүүлөр менен аяктайт.

В. Томсен байыркы жазмаларда эриндешүүлөр Күл Тегин жана Билге Каган эстеликтеринде азыраак учурагандыгын көрсөтсө, ал эми Кара-Балгасун жазууларында, тескерисинче, көбүрөөк кездешкендигин божомолдогон[1].

## Уңгу сөздөрдөгү муундардын түзүлүшү

Енисей-Орхон жазма эстеликтеринде уңгу сөздөрдөгү муундардын түзүлүшү негизинен азыркы түрк тилдериндегидей. Анын белгилүү касиеттеринин бири катарында бир гана муун түзүүчү үндүү жана үнсүз тыбыштар алдыңкы же арткы тыбышка тиешелүү болорлугу, башкача айтканда, сөздөгү муундарда үндөштүк закондору сакталгандыгында турат.

Мисалы:

баш жана беш
бар жана бер
ак жана эке

[1] И. А. Батманов. Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. 48-бет.

Енисей-Орхон жазма эстеликтеринде төмөндөгүдөй уңгу сөздөрдүн типтери бар[1].

1. V+C:

Ен., орх., кырг., түрк., як. *ат;* чув. *ут;* ен., орх., кырг., түрк. ж. б. *ат* (мылтык ат), чув. *ут,* як. *ыт,* ен., орх. кырг. түркм. ж. б. *ал,* як. *ыл,* чув. *ил;* ен., орх., кырг., түркм., як. ж. б. *эм,* чув. *ем;* ен., орх., кырг., түрк., як., өзб. ж. б. *эр,* чув., *ар,* мон. *эрэ.*

Мындай тип бардык түрк тилдеринде бирдей учурайт.

ен.—орх. *аб,* кырг., тув. *аң,* түркм. *ав*
ен.—орх. *ай,* кырг., тув., түркм. *ай*
ен.—орх. *ак,* кырг., тув., түркм. *ак*
ен.—орх. *ал,* кырг., тув., түркм. *ал*
ен.—орх. *аш||ас,* кырг. *аш.*

| Енисей-Орхон жазмаларында[2] | Кыргыз тилинде |
|---|---|
| он | он (10) |
| өз | өз |
| өл | өл |
| үн | үн (добуш) |
| үч | үч |
| эр | эр |
| эт | эт |
| ач | ач |
| ач | ач (ачка) |
| ай | ай (сүйлө) |
| өт | өт |
| ил | ил |
| ис | иш |
| ой | ой (шырдак ой) |
| ол | ал |
| ок | ок |
| от | от |
| оз | оз (озуу) |

2. C+V+C:

ен.-орх. *бу,* кырг. *бу.., бул*
ен.-орх. *ди,* кырг. *де,* Сал. **те, ти;** түркм. **діј.**
ен.-орх. *йа,* кырг. *жаа*

[1] Тилдин азыркы этабында айрым сөздөр уңгу сөз катары кабыл алынганы менен тарыхый жагынан жасалма сөздөр болушу да мүмкүн.

[2] Уңгу сөздөрдөгү мүүндардын структурасы жөнүндө көбүнчө эски жазма эстеликтерге жана азыркы кыргыз тилине гана токтолмокчубуз. Калган түрк тилдери боюнча кайсы бир гана сөздөргө берилет.



ен.-орх. *йе,* кырг. *же*
ен.-орх. *йи,* кырг. *же*
ен.-орх. *кү;* кырг. *күү*
ен.-орх. *са,* кырг. *сана*

3. C+V+C:

| Енисей-Орхон жазмаларында | Кыргыз тилинде |
|---|---|
| бар | бар |
| бат | бат |
| баш | баш |
| бег | бек |
| бел | бел |
| бен | мен |
| бер | бер |
| беш | беш |
| биз | биз |
| бил | бил |
| бин | мин |
| биң | миң |
| бир | бир |
| бол | бол |
| бут | бут |
| йат | жат (жат адам) |
| йаш | жаш |
| йел | жел |
| йер | жер |
| йок | жок |
| йүз | жүз |
| йүк | жүк |
| йыл | жыл |
| каз | каз |
| кал | кал |
| кан | кан (хан) |
| кач | кач |
| каш | каш |
| кел | кел |
| кет | кет |
| кир | кир |
| көп | көп |
| көк | көк |
| көр | көр |
| кул | кул |